УДК:81.1(575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-702-709

**Жумалиев С.С.**
филология илимдеринин доктору, профессор
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
samat_tsu@mai.ru
**Масалиева Н.У.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
13-nazi@mail.ru
**Усупбай уулу К.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
kenzekulusupbajuulu@gmail.com

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ АНТРОПОНИМДЕРДИН СЕМАНТИКАСЫ: ПСИХОЛИНГВИСТИКАЛЫК ИЛИК

**Аннотация:** Азыркы учурда антропонимдерди изилдөө маселеси тил илиминдеги маанилүү багыттардын бири болуп саналат.  Жалпы тил илиминде антропонимдерди изилдөө негизинен социолингвистикалык, психолингвистикалык жана этнолингвистикалык багыттарда өнүккөн. Орус, түрк жана кыргыз тил илиминде антропонимдер боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө адам ысымдарынын мааниси, келип чыгышы, функциясы жана коомдогу ролу ар тараптуу каралган. Кыргыз тилиндеги антропонимдерди изилдөөнүн багыттары негизинен лексикологиялык, социолингвистикалык, этнолингвистикалык аспектилерди камтыйт десек болот. Андыктан бул макалада мурда көп көңүл бурулбаган психолингвистикалык багытка, башкача айтканда кыргыз тилиндеги антропонимдердин семантикасына психолингвистикалык өңүттөн изилдөө жүргүзүп, алардын коомдогу орду менен маанисине токтолобуз. Ошондой эле макалада психолингвистикалык аспектиден караганда антропонимдердин психологиялык жана социалдык жактан инсанга тийгизген таасирин изилдөөгө өзгөчө көңүл бурулуп, антропонимдерди же адамдардын аттары, алардын маданиятынын, дүйнө таанымынын, тарыхый жана социалдык өзгөчөлүктөрү  каралат.

**Негизги сөздөр**: антропоним, семантика, психолингвистика, тил илими, этнолингвистика, лексикология, социолингвистика, ономастика, этимология, сакралдык маани,  кыргыз тилиндеги антропонимдер.

**Жумалиев С.С.**
доктор филологических наук, профессор
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
samat_tsu@mai.ru
**Масалиева Н.У.**
старший преподаватель

Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
13-nazi@mail.ru
**Усупбай уулу К.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
kenzekulusupbajuulu@gmail.com

## СЕМАНТИКА АНТРОПОНИМА В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ: ПСИХОЛИНГВИСТИЧЕСКОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ

**Аннотация:** В настоящее время проблема изучения антропонимов является одним из важнейших направлений языкознании. Изучение антропонимов в общем языкознании развивается преимущественно в социолингвистическом, психолингвистическом и этнолингвистическом направлениях. Всестороннее рассматриваются значение, происхождение, функции и роль человеческих имен в исследованиях антропонимов в русском, турецком и киргизском языкознаниях. Можно сказать, что направления исследования антропонимов в кыргызском языке в основном включают лексикологические, социолингвистические и этнолингвистические аспекты. Поэтому в данной статье основное внимание уделяется ранее забытому психолингвистическому направлению, т.е. мы проведем психолингвистическое исследование семантики антропонимов в киргизском языке и обсудим их место и значение в обществе. Также в статье уделяется особое внимание изучению психологического и социального воздействия антропонимов на человека с психолингвистических аспекте, рассматриваются антропонимы или имена людей, их культура, мировоззрение, исторические и социальные особенности.

**Ключевые слова:** антропоним, семантика, психолингвистика, лингвистика, этнолингвистика, лексикология, социолингвистика, ономастика, этимология, сакральный смысл, антропонимы в кыргызском языке.

**Zhumaliev S.S.**
doctor of Philology, professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
samat_tsu@mai.ru
**Masalieva Nazgul U.**
senior lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
13-nazi@mail.ru
**Kenzekul uulu U.**
lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
kenzekulusupbajuulu@gmail.com

# SEMANTICS OF ANTHROPONYM IN THE KYRGYZ LANGUAGE: PSYCHOLINGUISTIC RESEARCH

**Annotation:** Currently, the problem of studying anthroponyms is one of the most important areas of linguistics. The study of anthroponyms in general linguistics develops mainly in sociolinguistic, psycholinguistic and ethnolinguistic directions. The meaning, origin, functions and role of human names in the study of anthroponyms in Russian, Turkish and Kyrgyz linguistics are comprehensively considered. It can be said that the areas of research into anthroponyms in the Kyrgyz language mainly include lexicological, sociolinguistic and ethnolinguistic aspects. Therefore, this article focuses on a previously forgotten psycholinguistic direction, i.e. we will conduct a psycholinguistic study of the semantics of anthroponyms in the Kyrgyz language and discuss their place and meaning in society. The article also pays special attention to the study of the psychological and social impact of anthroponyms on a person from a psycholinguistic aspect; anthroponyms or names of people, their culture, worldview, historical and social characteristics are considered.

**Key words**: anthroponym, semantics, psycholinguistics, linguistics, ethnolinguistics, lexicology, proper name, sociolinguistics, onomastics, etymology, sacred meaning, anthroponyms in the Kyrgyz language.

**Киришүү.** Кыргыз тил илиминде антропонимдерди изилдөө маселелери элдик каада-салттарга, тарых жана этникалык өзгөчөлүктөргө байланыштуу каралган. Кыргыз окумуштуулары тилдеги антропонимдердин келип чыгышын, маанисин жана алардын маданияттагы ордун изилдешкен. Кыргыз тилиндеги антропонимдерди изилдөөнүн багыттары негизинен лексикологиялык, социолингвистикалык, этнолингвистикалык аспектилерди камтыйт. Бул макалада кыргыз тилиндеги антропонимдердин семантикалык жактан изилдөөдө башка тилдердеги изилдөөлөр менен салыштырып каралат.

**Теманын актуалдуулугу**. Антропоним адамдын жеке өзүнүн энчилүү атын билдирет. Антропонимдерди изилдөө маселеси тил илиминдеги маанилүү багыттардын бири болуп саналат жана ага тиешелүү маселелердин изилдениши ар кайсы тилдик жана маданий чөйрөлөрдө ар башка багытта өнүккөн. Жалпы тил илиминде антропонимдерди изилдөө негизинен социолингвистикалык, психолингвистикалык жана этнолингвистикалык багыттарда өнүккөн. Орус, түрк жана кыргыз тил илиминде антропонимдер боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө адам ысымдарынын мааниси, келип чыгышы, функциясы жана коомдогу ролу ар тараптуу каралган.

Европалык тил илиминде Ф.Соссюр жалпы ономастиканын негиздерин иштеп чыгууга чоң салым кошкон жана анын эмгектеринде антропонимдерди белгилик система катары кароо маанилүү орунда турат [1, 98-б.]. В.Гумбольдт тилдин жана маданияттын өз ара байланышын изилдеп, анын ичинде аттардын маанисине да көңүл бурган. Ал тилди дүйнө таануунун формасы катары карап, ысымдардын маданий-тарыхый ролун изилдеген [2, 53-60-бб.].

Орус тил илиминде антропонимдер тарыхый-этимологиялык, салыштырма-типологиялык, структура-семантикалык, социалдык, маданий багыттарда кеңири изилденген. Орус ономастикасында, анын ичинде антропонимдерди изилдөө жаатында окумуштуу А.В.Суперанская өзгөчө орунда турат. Ал жалпы ономастика боюнча методологиялык негиздерди түзүүгө чоң салым кошкон жана ат коюу системасынын лингвистикалык өзгөчөлүктөрүн жана анын социалдык маанисин изилдеген [3, 366 б]. Н.В.Подольская

антропонимдердин жана топонимдердин лексикалык жана семантикалык түзүлүшүн изилдеген [4, 192 б].

Түрк тилдеринде антропонимдерди изилдөө маселеси түрк тилдүүлөрдүн тарыхы жана этнографиясы менен тыгыз байланышта каралып, энчилүү аттардын семантикасына, этномаданий жана тарыхый өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурулган. 11-кылымда эле Махмуд Кашгари түрк тилдерине тиешелүү маалыматтарды топтогон жана алардын арасында адам ысымдары да жазылып, маанилери менен берилген. Мисалы: “Токыш – киши ысымы, Такиш – киши ысымы” [5, 64-б.]. Ал эми түркология илиминде Н.И.Ильминский, В.В.Радлов, Н.Ф.Катанов, С.Ю.Малов, Н.А.Баскаков, А.Курбанов, М.Ф.Көпрүлү, Э.Доган, А.Байтурсынов ж.б. окумуштуулар түрк тилдериндеги адам ысымдарын ар түрдүү өңүттөн изилдөөгө алышкан. Алсак, В.В.Радлов түрк элдериндеги энчилүү аттарды чогултуп кагаз бетине түшүрсө [6, 906 б.], Н.А.Баскаков жалпы түрктүк негиздеги антропонимдерди изилдөө маселесине көңүл бурган [7, 5 б]. Казак окумуштуусу А.Байтурсынов түрк тилдеринде ат коюунун маанисин жана анын коомдук ролун изилдеп, энчилүү аттардын улуттук өзгөчөлүктөрү менен тарыхый жагына [8] көңүл бөлсө, түркиялык окумуштуу М.Ф.Көпрүлү түрк тилдерине жана маданиятына назар салып, түрк антропонимдерин тарыхый-салыштырма тил илиминин көз карашынан изилдеген. Ошондой эле түрк антропонимдеринин гендердик жана социалдык аспектилери да иликке алынган [9, 448 б.].

Кыргыз тил илиминде антропонимдерди изилдөө маселелери элдик каада-салттарга, тарых жана этникалык өзгөчөлүктөргө байланыштуу каралган. Кыргыз окумуштуулары тилдеги антропонимдердин келип чыгышын, маанисин жана алардын маданияттагы ордун изилдешкен. Маселен, А.Боронов тарабынан “Манас” эпосундагы адам аттарын жана алардын этимологиясын изилденген [10, 310 б.]. Кыргыз ономастикасынын эң көрүнүктүү өкүлү Ш.Жапаров “Кыргыз ономастикасы”, “Кыргыз антропонимикасы”, “Кыргыз адам аттары” аттуу эмгектеринде кыргыз тилиндеги адам ысымдарынын маанисин, тегин, лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүн [11, 19 б.] кеңири мүнөздө изилденген.

Демек, серепке алынган окумуштуулардын изилдөөлөрү көп маселелерди камтыйт жана антропонимдердин ар кыл маанисин ар тараптан талдап чыгууга өбөлгө түзгөн. Кыргыз тилиндеги антропонимдерди изилдөөнүн багыттары негизинен лексикологиялык, социолингвистикалык, этнолингвистикалык аспектилерди камтыйт десек болот. Андыктан бул макалада мурда көп көңүл бурулбаган психолингвистикалык багытка, б.а. кыргыз тилиндеги антропонимдердин семантикасына психолингвистикалык өңүттөн изилдөө жүргүзүп, алардын коомдогу орду менен маанисине токтолобуз.

Психолингвистикалык аспектиден караганда антропонимдердин психологиялык жана социалдык жактан инсанга тийгизген таасирин изилдөө өзгөчө орунда турат. Антропонимдерди же адамдардын аттары, алардын маданиятынын, дүйнө таанымынын, тарыхый жана социалдык өзгөчөлүктөрүнүн күзгүсү катары кароого болот. Себеби кыргыз тилиндеги антропонимдер элдин менталитетин, дүйнө таанымын түз чагылдырат жана ал элдин тилинде жашап, жүрүм-турумунда камтылып, кулк-мүнөзүнүн калыптанышына да таасирин тийгизет.

Психолингвистикалык багыттагы изилдөөлөр көрсөткөндөй, адамдын аты анын жеке жашоосуна, жашоо өзгөчөлүгүнө, мүнөзүнө жана коомдо инсан катары калыптанышына түз таасирин тийгизет. Жашоодо адам өз атынын маанисин түшүнүп, өзүн-өзү таанып аңдоосу чоң мааниге ээ болот. Балага берилген ысым анын өзүнө болгон мамилесин жана келечектеги социалдык байланыштарын да калыптандырат. Маселен, позитивдүү мааниге ээ Бакыт, Ырыс,

Таалай, Кут деген аттар баланын өзүн аңдап баалоосуна жана социалдык өзүн-өзү таануусуна оң таасир бериши мүмкүн. Кээ бир энчилүү аттар терс мааниге ээ болсо, эмоционалдык өңүттө кабыл алынып, адамдын мүнөзүндө да кандайдыр бир комплекстерди жаратышы мүмкүн. Мындай учурда адам өзүнүн атына байланыштуу социалдык-психологиялык кысым абалына кабылып, өзүн-өзү таануусуна жана коомдук абалына терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Мисалы: *Арсар, Бокчубай, Итемген, Жармагүл, Тентимиш, Күчүк, Таркылдак ж.б.* Бирок мындай аттардын коюлушунун өз мааниси бар, башкача айтканда, баласы чарчап токтобогон учурларда атайын ырымдап коюшканы белгилүү [11, 19-б.]. Бирок бул ишенимди дайыма эле туура деп эсептөөгө болбойт. Анткени адамдын тагдырына анын өз ысымынан тышкары тарбиясы, чөйрөсү, ички каалоосу жана аракети сыяктуу көптөгөн башка факторлору да таасир этиши мүмкүн.

Антропонимдер кыргыз маданиятына да таасирин тийгизген. Кыргыз элинин коомдук турмушунда адамдын ысымы өзгөчө мааниге ээ болуп, элдин тарыхы, каада-салты, маданияты менен тыгыз байланышып, ар бир ысым терең символикалык жана семантикалык мааниге ээ болгон. Кыргыз тилиндеги антропонимдердин семантикалык өзгөчөлүктөрү алардын келип чыгышы, тарыхый мааниси, лексикалык түзүлүшү менен аныкталат. Мисалы, кыргыз тилиндеги көптөгөн аттар жаратылыш кубулуштарына (Жанар, Нур, Жамгырбек), жаныбарларга (Арстан, Бугу) же каада-салттарга (Бакыт, Таалай, Кут) байланышкан. Жаратылышка байланыштуу ысымдардын көбү жаратылыштын сулуулугу жана күчү менен байланыштуу коюлган. *Асманай, Айдай, Айнур, Чолпон, Жетиген* сыяктуу энчилүү аттар адамдардын жаратылышка болгон ыйык мамилесин билдирүү менен бирге, элдин менталдык ой жүгүртүүсүндө табият кубулуштарын идеалдаштырып көрүшкөнүн билдирет.

Айрыкча, тарыхый жана салттык мааниси бар ысымдарды кыргыздар салттуу түрдө тарыхый окуялар жана каармандар менен байланыштырып коюшкан. Мисалы: Манас, Семетей, Сейтек, Алманбет, Бакай, Кошой, Чубак, Каныкей, Барсбек, Тагай, Курманжан сыяктуу аттар өзгөчө тарыхый жана маданий мааниге ээ. Бирок мындай ысымдарга аяр мамиле кылышып, ал аттардын сакралдык маанисин, ыйыктыгын эске алышып, ымыркай көтөрө албай калышы мүмкүн деп этияттап коюшкан. Ошондуктан "эл арасында "жакшы ат", "жаман ат", "жеңил ат", "оор ат", "жашыруун ат", "көтөрүмдүү ат", "өз аты менен өзү төрөлгөн" деп айтылган" [11, 29-б.].

Кыргыз антропонимдерине лексикалык анализ жүргүзүүдө аларды негизги үч чоң топко бөлүүгө болот:

Жөнөкөй аттар: Адамдардын күнүмдүк турмушта колдонулган ысымдары, мисалы, Канат, Айнура, Бакыт, Аман, Кубат ж.б.

Эпитеттүү аттар: Бул ысымдар кошумча мүнөздөмөлөр менен толукталат, мисалы, Кулжан, Тулпарбек, Шумкарбек ж.б.

- Тарыхый жана мифологиялык аттар: Бул ысымдар элдик мифтерге жана тарыхый окуяларга байланыштуу, мисалы, Манас, Семетей, Курманжан, Алымбек, Тагай, Ормон ж.б.

Үй-бүлөдө жана коомдо аттар аркылуу адамдардын ортосундагы мамилелер жана милдеттер калыптанат. Мындай ысымдар маанилүү социалдык жана моралдык принциптерди, каада-салттарды же коомдун негизги баалуулуктарын чагылдырат. Мисалы: *Аманат* – ишеним жана берилгендикти чагылдырса, *Ыйман* – руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктарды туюнткан ысым. *Адилет* – калыстыкты жана адилеттүүлүктү билдирсе, *Эркин* – эркиндикти, көз карандысыздыкты туюнтат. Ал эми *Кайрат* – күч жана кайраттуулукту

символдоштурган ысымга кирсе, *Нурбол* – жарык жана жылуулукту билдирген баалуулуктарды символдоштурат.

Мындай ысымдар адамдын инсандык сапаттарына жана коомдун адеп-ахлактык баалуулуктарына кайсы бир деңгээлде байланышып турат.

Ошол эле учурда, адамдар тигил же бул атты, мисалы, “Баатыр” же “Арстан” деген энчилүү аттарды укканда ошого мүнөздүү сапаттарды дароо көз алдына элестетишет. Мээде бул атка байланыштуу алдын ала түзүлгөн образдуу идеялар иштелип чыгат жана адам бул сапаттарга ээ болушу мүмкүн деген күтүү, ишеним, көз караш пайда болот. Белгилүү болгондой, бүгүнкү күндө да кыргыздын тарыхый энчилүү аттары коюлуп келе жатат. Маселен, Барсбек – бул кыргыз жана түрк тилдүү элдер арасында кеңири таралган күчтүү жана тарыхый мааниси бар ысым. Аттын мааниси: “Барс” – жолборс дегенди түшүндүрөт. Жолборс күчтүн, тайманбастыктын жана лидерликтин символу катары белгилүү. Ал эми “бек” – көтөрүлө турган бийликти, улуулукту же кадыр-баркты билдирет. Бул “улуу, мырза” деген мааниге ээ.

Демек, Барсбек деген ысым “жолборстой күчтүү башкаруучу” же “күчтүү жана бийик кадыр-барктуу” деген маанилерди түшүндүрөт. Ошондуктан элдик ишенимде Барсбек аттуу адам өзүн күчтүү, лидерликке умтулган, тайманбас жана чечкиндүү мүнөздө алып жүрүшү мүмкүн. Бул ат адамга чоң жоопкерчиликти жүктөп, алдыга озуунун, көтөрүлүүнүн, умтулуунун энергиясын берет деген ишенимди жаратат.

Тарыхый аспектиден алганда, кыргыз элинин тарыхында Барсбек кагандын өзгөчө орду бар. Барсбек каган кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүндө маанилүү роль ойногон тарыхый инсан. Ал байыркы кыргыздардын күчтүү каганы болуп, элинин эркиндиги үчүн күрөшкөн. Кытай жана түрк элдери арасында кадыр-барктуу, күчтүү башкаруучу катары эсте калган жана ал тууралуу рун жазууларында да сакталган.

Психолингвистикалык жагдайдан алып караганда, ысымдар инсандык мүнөзгө, коомдук калыптанууга таасир этүүчү күчкө ээ. Тагыраак айтканда, адамдын аты аны чакырганда өзгөчө жооп кайтаруу механизмин ишке киргизет. Мээ өз атын башка сөздөрдөн өзгөчөлөнтүп, ага тездик менен жооп кайтарат. Мисалы, көчөдө адамдардын арасында көп сөздөр айтылып жатса да, бирөө "Айдана!" деп атын айтканда, ошол адам дароо бурулуп, өз атын угат жана ага карата кыймыл-аракетке келет. Мээ өз атына болгон стимулга ыкчам реакция кылат, анткени ал анын өздүгүн таануу процессине таандык.

Нейролингвистикада адамдын ысымынын мээде сакталуу жана аракетке келүү механизми нейрондордун өз ара байланыштарына, маалыматты иштетүү жана сактоо принциптерине негизделген. Ысымды сактоодо эпизоддук жана семантикалык эс тутум маанилүү ролду ойнойт. Бир адамдын ысымы алгач угулганда, ал эпизоддук эс тутумга жазылат. Бул тутум мээнин гиппокамп бөлүгүндө иштелип чыгат. Ысым алгач угулганда, ага байланыштуу окуялар жана контекст (ким айтып, кайсы шартта) да сакталат. Ал эми ысымдын мааниси, аны башка адамга же образга байланыштыруу мээнин семантикалык эс тутумунда сакталат. Бул негизинен мээнин префронталдык кабыгы жана неокортексинде жайгашкан.

Маалымат мээде нейрондордун электрдик жана химиялык сигналдары аркылуу иштелет. Адамдын ысымы угулганда же айтылганда ысымды түшүнүү жана аны башка объектилер менен байланыштырууга тиешелүү нейрондор активдешет. Ушул нейрондордун ортосунда күчтүү синапстик байланыштар түзүлөт. Бул байланыштар эс тутумду сактоо жана кайра чакыруу үчүн негизги механизм болуп саналат.

Ысым угулганда же айтылганда сезүү органдары аркылуу сигнал кирет. Башкача айтканда, ысым кулак аркылуу кабыл алынганда үн маалыматтары мээнин угуу борборуна (темпоралдык лоб) жетет. Мээ ысымды алдын ала сакталган маалыматтар менен салыштырып, аны кимге таандык экенин аныктайт, маалыматты иштеп чыгат.

Бул процессте мээнин бир нече бөлүктөрү, мисалы, фронталдык бөлүк жана темпоралдык бөлүк биргелешип иштеп, таанып билүүнү ишке ашырып, жооп кайтарат.

Ысым эмоционалдык мааниге ээ болгондо, мисалы, жакын адамдын аты айтылганда, бул процесске эмоцияларды иштетүү борбору (амигдала) кошулат. Мээ ошол ысымды эмоциялык ассоциациялар менен байланыштырган нейрондорду активдештирет, натыйжада бул ысым өзгөчө реакцияны жаратат.

Демек, адамдын ысымы мээде нейрондордун өз ара байланыштары аркылуу сакталат жана аракетке келет. Ысым угулганда, ал сакталган эс тутумдан кайра чакырылып, аны менен байланышкан образдар, эмоциялар жана башка маалыматтар иштелип чыгат. Эгерде тигил же бул ысым канчалык көп кайталанып колдонулса анын мааниси тереңдейт жана нейрондук байланыштардын кыймылы ошончолук күчтүү болот (14, 207 б.).

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилиндеги энчилүү аттар жөнөкөй гана адамды белгилөөчү каражаты, белгиси эмес, алар элдин өзгөчө дүйнө таанымын, тарыхый жана маданий баалуулуктарын түз чагылдырган эмоционалдык, психологиялык-социалдык мааниге ээ сөз формасы болуп саналат. Тактап айтканда, антропонимдердин семантикасы менен психологиялык мүнөздөмөсү элдин тарыхы, маданияты жана психолингвистикалык факторлору менен тыгыз байланышкан. Ошондуктан кыргыз тилиндеги антропонимдердин психолингвистикалык маселелерин изилдөө аркылуу тилдин лексикалык сөз байлыгынын ар кыл өңүттөрүн жана кыргыз элинин дүйнө таанымын дагы тереңдетип так аныктай алабыз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Соссюр Ф. де. Заметки по общей лингвистике / Пер. с фр. Б. П. Нарумова. – М.: Прогресс, 1990. – С. 44.
2. *Избранные труды по языкознанию*. Автор: Гумбольдт В. фон. Место издания: – М. Издатель: Прогресс. Дата издания: 1984. Объём: – 397 с.
3. Суперанская А.В. Общая теория имени собственного. – М.: Книжный дом “Либроком”, 219. – 366 с.
4. Подольская Н.В. Словарь русской ономастической терминологии. – М., Наука, 1978. – 192 с.
5. Адам аттары – эл байлыгы. – Б.: “Техник” ББ, 2009. – 34 б.
6. Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү – Дивану Лугатит-түрк:1-том. /Которгондор: Т.Токоев, К.Кошмоков. – Б., 2011. – 906 б.
7. Радлов В. Титулы и имена уйгурских ханов. – Заметки Восточного отделения русского археологического общества. – СПб, – Р 5,1891.
8. Баскаков Н. Русские фамилии тюркского происхождения. – М.,1979.
9. Байтурсынов А. Тил тагылымы. – Алматы, 1992, – 448 б.
10. *Türk dili ve edebiyatı hakkında araştırmalar.* - İstanbul: Kanaat Kitabevi, 1934. – 310 s.
11. Боронов, А.А. Антропонимы в киргизском героическом эпосе “Манас”: автореф. – Алма-Ата, 1988. – 19-29 бб.
12. Жапаров, Ш. Кыргызская антропонимика. – Бишкек: Илим, 1992. – 191 б.

13. Жолдошова Н.А., Ажымамбетова Д.Т.Семантика тилдин негизги компоненти катары // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы, №4 2024 , – 550-556 бб.
14. Elizabeth Loftus. Memory: Surprising New Insigts into How We Remember and Why We Forget. Ardsley House, 1988. – С. 207.

**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Ибрагимова Т.Г.**